**УДК 37.013.77**

# ОКУУ - МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСКЕ ПЕДАГОГИКО-ЭРГОНОМИКАЛЫК ЖАНА САЛАМАТТЫКТЫ САКТООЧУ ТАЛАПТАР
# ПЕДАГОГИКО-ЭРГОНОМИЧЕСКИЕ И ЗДОРОВЬЕСБЕРЕГАЮЩИЕ ТРЕБОВАНИЯ К УЧЕБНО-МЕТОДИЧЕСКОМУ КОМПЛЕКСУ
# PEDAGOGICAL-ERGONOMIC AND HEALTH-SAVING REQUIREMENTS FOR THE EDUCATIONAL-METHODICAL COMPLEX

***Беделова Нургуль Салибаевна – ф.-м.и.к., Ош ш. ОшМУ, МИТФ, ИТАС кафедрасынын доценти,***
***e-mail:*** **kireshe78@mail.ru**

***Аннотация:*** Бул илимий макалада окуу методикалык комплекске педагогико-эргономикалык жана саламаттыкты сактоочу талаптары такталып берилди. Окуу методикалык комплекс ар бир инсандын өсүп, өнүгүүсү үчүн окутуудагы негизги каражат экендиги аныкталды.Окуу басмаларын даярдоодо санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоо басмалык ишмердүүлүк менен алектенген адамдар үчүн милдеттүү болуп эсептелерин белгиленген.Саламаттыкты сактоо талаптары – бул үйрөнүүчүлөрдүн саламаттыгын сактоону колдоого багытталган иштин системасын сактоо.

***Аннотация:*** В этой научной статье уточнены педагогико-эргономические и здоровьесберегающие требования к учебно-методическому комплексу. Определено, что учебно-методический комплекс основное средство для развитии и роста каждого человека в обучении.Отмечено, что для людей, занимающихся издательской деятельностью, обязательно нужно соблюдать санитарно-гигиенические правила при подготовке учебных изданий. Требования здравохранения –это система деятельности, направленной на поддержку здравоохранения обучающихся.

***Abstract:*** In this scientific article specified pedagogics ergonometric and health saving requirements to the educational methodical complex. It is certain that educational methodical complex basic means for development and height of everybody in educating.It is marked that for people occupying to publishing activity, it is necessarily needed to observe sanitary-hygenic rules at preparation of educational editions.Requirements soundly of storage are the -это system of the activity sent to support soundly of storage of student.

***Ачкыч сөздөр:*** окуу-методикалык комплекс, педагогикалык талаптар, эргономикалык талаптар, педагого-эргономикалык талап, саламаттыктысактоо талабы.

***Ключевые слова:*** Учебно-методический комплекс, педагогические требования, эргономические требования, педагого-эргономические требования, требования здравоохранения.

***Key words:*** Teaching methodical complex, pedagogical requirements, ergonometric requirements, pedagogical ergonometric requirements, requirements of health protection.

*Педагогикалык талаптар* катышуучунун окуу-методикалык комплексинин (ОМК) аныкталган билим берүүчүлүк, жалпы окуу билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жана компетенциялардын жарамдуулугун, ошондой эле катышуучунун өздүк чыгармачыл жекече өнүгүүсүн аныктайт.

*Эргономикалык талаптарда* адамдар окуу китебин колдонуу процессинде айкындалуучу физиологиялык, психофизиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн комплексин эске алуу керек.

Педагогико-эргономикалык талаптар төмөнкү позицияларда түзүлгөн:

**1.**ОМКнын жардамында берилүүчү информация илимий ишенимдүү болушу, өздөштүрүлгөн илимдин заманбап абалына дал келиши керек[1]:

а) окуу китебиндеги илимий материал системалык, удаалаштык, көргөзмөлүүлүк, акыл-эстүүлүк, практика менен байланыштык сыяктуу дидактикалык принциптердин кеңейтиши керек;

б) окуу китеби предмет боюнча деталдаштырууну жетишээрлик формалашы, ошол эле учурда шарттуу ойду бериши керек;

в) окуу китебинде материалдын проблемалык баяндалышы колдонулушу, илимийлүүлүктүн жана мүмкүндүүлүктүн оптималдык катышы сакталышы керек;
г) илимий принциптин талаптарына ылайык окуу китебинде келтирилген бардык фактар туруктуу, ишенимдүү, курчаган чөйрөнү илимий таануунун усулдары менен тааныштыруусу керек;
д) окуу китебинде окуу курсу боюнча билимдердин системасы баяндалышы, материалдын критикалык түшүнүгү, фундаменталдык илимий түшүнүктөр боюнча баалуу ойлор берилиши керек;
е) окуу китебинде теориялык жана практикалык материал балансталышы керек, алынган билим практикада колдонулушу мүмкүн;
ж) окуу китебинин методикалык материалынын уюштурулушу жана баяндалышы жекече-багытталган мүнөзгө ээ болушу керек.
**2.** Окуу китеби мазмуну, көлөмү, андагы информациялардын тереңдиги программанын мазмунуна дал келиши керек:
а) окуу китеби студенттердин милдеттүү өздөштүрүүсүндөгү билимдердин системасын жана көлөмүн, ошондой эле тапшырмалардын жана көнүгүүлөрдүн системасын, студенттерде окуу предмети боюнча билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн зарылдыгынын камсыздалышын аныкташы керек;
б) окуу китебинде билимдер аныкталган үзгүлтүксүздүк жана ирееттүүлүк принциптерин канааттандырган логикалык системада берилиши керек;
в) окутуунун системалуулук принциптерин ишке ашыруу үчүн окуу китебинде илимий фактар, гипотезалар, аныкталган логикалык системадагы теория баяндалышы керек, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү билүү иретин окуу китебинин жардамында негиздеп аныктоо;
**3.** ОМК катышуучуну даярдоонун деңгээлине жана жаш өзгөчөлүгүнө дал келиши керек[2]:
а) окуу китебин колдонуу моментине үйрөнүүчүдө формаланган билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн деңгээлине жетүүгө дал келген конкреттүү жаштагы үйрөнүүчү үчүн мүмкүн болушу керек;
б) эмоционалдык-сезимдик катыштын тажрыйбасын формалоо үчүн окуу китебинде коомдук жашоодогу материалдык дүйнөгө жана окуяларга көрүнүштөр эмоционалдык ишмердүүлүктү эске алуу менен үйрөнүүчүнүн берилген жашында психологиялык өзгөчөлүктөр материалдарда кармалышы керек.
**4.** Окуу китебизаманбап усулдарды пайдалануу жана окутуунун формасын уюштурууга жарамдуу болушу керек:
а) окуу китеби даяр окуу материалын колдонуу боюнча үйрөнүүчүнүн ишмердүүлүгүн уюштурууда коммуникативдүүлүккө жана маселени чечүү үчүн алынган билимдердин колдонулушуна жана курчаган чындыктын проблемаларына, интеграцияланган билимдердин формаланышына, дүйнөнүн кадимки илимий картинасын чагылдарган дүйнөлүк көз карашка багытталышы керек;
б) окуу китебинин түрдүү материалын түзүүдө жана компоновкалоодо төмөнкү ыкмаларга бөлүүгө болот:

- ✓ коммуникативдүүлүк, үйрөнүүчүгө китеп менен диалог уюштурууга мүмкүндүк берет;
- ✓ комплиментардуулук(толуктоо), б.а. окуу китебин окутуунун каражаттары менен кошумча колдоо мүмкүндүгү;
- ✓ моделдештирүү, б.а. үйрөнүүчү обьект же кубулуш жөнүндө зарыл билимдерди алуу үчүн каражат катары моделин түзүү;
- ✓ автономдуулук, б.а. окуу китебин автономдуу система катары кароого уруксат берүү.

**5.** Окуу китебинин структуралык компоненти текст(негизги, кошумча, сүрөттүү) жана тексттик эмес компоненттери (иллюстративдүү материал, коoздоону уюштуруунун аппараты, багыттоо аппараты) болушу керек[3]:
1) окуу китебинин тексти студенттердин психологиясын эске алуу менен түшүнүктүү тилде жазылышы зарыл;

2) сүйлөмдө 16 сөздөн ашпасы керек. Сүйлөмдүн түшүнүктүүлүгүн жогорулатуу үчүн максатга ылайыктуу атоочтук, оозеки атоочтук, тактооч, аныктоочтордун санын азайтуу керек. Сүйлөмдө бири бирине жакын болгон өз ара байланышкан сөздөр тоскоолдук берет.

**6.** Адистештирилген терминдерди колдонууда терминдин туура аныктамасын берүү керек, чет тилинен алынган сөздөрдүн котормосу терминдердин көрсөтмөсүн, суроолордун системасын жана терминдер менен иштөө үчүн тапшырмаларды берет:

а) окуу китебинде терминдерди, түшүнүктөрдүн аныктамасын, илимде жана практикада жалпы кабыл алууга дал келиши керек;

б) окуу китеби тааныш эмес терминология менен жүктөлбөш керек.

**7.** Окуу китебинде негизги тексттен сырткары багыттоо аппаратын колдонуу керек, ал мазмунду, сигнал-символдорду, маалыматтык материалдар, алфавиттик, тематикалык көрсөткүчтөр, түшүндүрмөлөр, комментарийлер, көрсөтмөлөр, пландар, сүрөтгө колдор менен болушу керек.

**8.** ОМКда өздөштүрүүнү уюштуруу аппаратын колдонулуш керек, ал баптардын, параграфтардын аттарын, чечимдерди, суроолорду, тапшырмаларды кармайт.

**9.** ОМКда тапшырмалар, өз алдынча иштер үчүн инструкциялар, тапшырмалар жана практикалык тапшырмалар, билимдерди жана көндүмдөрдү бышыктоо үчүн көнүгүүлөр, билимдерди текшерүү үчүн суроолор жана кайтарым байланышты ишке ашыруу үчүн маселелер, практикалык сабактар:

а)темалар боюнча текшерүүчү тапшырмалар;

б) учурдагы өздөштүрүлүүчү материалды кайра орнотуу үчүн текшерүүчү тапшырмалар;

в) жаңы билимдерди колдонууга чыгармачылык мүнөздөгү тапшырмалар;

г) байкоо үчүн тапшырмалар;

д) практикалык жана лабораториялык иштерди өткөрүү үчүн тапшырмалар;

е) кыйын түрдүү деңгээлдеги тапшырмалар;

ж) мурда үйрөнүлгөн материалга ссылкалар жана тапшырмалар, ички жана предметтер аралык байланышты орнотууга багытталган компоненттер.

**10.** Окуу китептеринде илимий үйрөнүүнүн тарыхынан кээ бир маалыматтар кошулат. Мисалы, окуу китебинде табигый илимдер боюнча предметтер илимий гипотезалар, байкоолор, эксперименттердин баяндамалары келтирилиши керек[4]. Максатга ылайыктуу илимдин жана искусствонун портреттери кошулушу керек.

**11.**Окуу китептин салмагы студенттин күч мүмкүнчүлүгүнөн ашпасы керек, мисалы 1-куртун студентине 600 гр.

**12.**Шрифттик жасалгалоо жана печаттоонун сапаты эргономикалык талаптарга адамдын көрүү органынын мүмкүнчүлүгүнө жараша дал келиши керек:

а) негизги жана кошумча тексттер түрдүү гарнитура жана кегуль менен берилет;

б) боек интенсивдүү, тегиз, шрифти даана, ак-кара, түстүү фондо да окула тургандай болушу керек;

в) кагаз жогорку сапатта ак болушу керек;

г) окуу китебинин переплету узак мөөнөтгө сактаганга сырткы көрүнүшү да сактаганга ыңгайлуу болуп, бардык талаптарга жооп бериши керек.

**13.**Окуу китебинде түрдүү иллюстрацияны колдонууга болот:

а) окуу китебинин иллюстративдүү материалын тандоодо төмөнкү ыкмаларды бөлүүгө:

- информациялык-мазмундуу;
- структуралык компоненттүү;
- иллюстрацияны тандоодону кароодо үзгүлтүксүз;
- информацияны жарыялоодо аяктаганын да аныктаган композициялуу болушу керек.

**14.**Окуу китебинде зарыл болгон учурда тиркеме колдонушат. Аларда талаптар, китептин өзүнө аналогиялуу талаптар жарыяланат.

Окуу адабиятынын жасалгалоого жана мазмунуна санитардык гигиеналык талаптар негизги аспекттери болуп эсептелинип, комплекстик проблеманы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен жаңы басмасын түзүүгө болот.

Окуу – бул көрүп көңүл бурууну жана көрүү эсин, талдоонун тездиги сыяктуу көрүү жана психикалык функциялуу чыңалууну талап кылган психофизиологиялык татаал процесс.

Саламаттыкты сактоо талаптары – бул үйрөнүүчүлөрдүн саламаттыгын сактоону колдоого багытталган иштин системасын сактоо.

Гигиеналык баалоо өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен басмада 10 мүнөздүү барактарда – тексттерди, формулаларды, таблица ж.б. бирдей шрифт менен жасалгалоо барактары.

Гигиеналык баалоонун жыйынтыгын он текшерилүүчү мүнөздүү барактын төрт же андан көп барагы нормативдүү талаптын текшерилүүчү көрсөткүчтөрүнө дал келбегенде терс деп эсептешет.

Шрифттин размеринен башкасы эки параметрбоюнча 10% га бир жакка жантаюуга уруксат берилет.

Санитардык эрежелер массага, салмакка, шрифттик жасалгалоого окуу китебинин басмалык печатынын сапатына, ошондой эле окуу китебин, окуу куралын, практикумдарды даярдоо үчүн колдонулган полиграфиялык материалдарга талаптар коюлат.

Графикалык жана композициялык жасалгалоо суроолору бирдей стилде чечилиши керек.

Окуу басмаларын даярдоодо санитардык-гигиеналык эрежелерди сактообасмалык ишмердүүлүк менен алектенген адамдар үчүн милдеттүү болуп эсептелерин белгилейбиз.

Ушуга паралеллель кирешелүүлүк окуусу менeнкөрүп чыңалуужана талыгуу даражасы аныктоосу керек.

Полиграфиялык материалдар жана кагаздардын сапаты окуу китебинин санитардык абалын аныктайт[5]. Орой, үбөлөнгөн, клейленбеген, нымды тез тартып алуучу кагаз колдонулган переплеттун төмөнкү сапаты окуу китебинин тез булгануусуна алып келет жана окуу китебине зыян келтирип, гигиеналык көндүмдөргө тарбиялоону кыйындатканга салымын кошот.

Окуу басмалары жумшак тышта же катуу тышта переплеттолот.

Окуу китебин даярдоо үчүн китепге туура келүүчү офсеттик, типографиялык, журналдык басмалар үчүн арналган 74-88% дагы көрсөткүчтүү ак кагаздар колдонулушу керек. Газеталык кагаздар колдонулушуна жол берилбейт. Тексттин көрүнүшү кагаздын сапаты (түсү, жылмакайлуулугу, жалтырактыгы), печаты (белгинин жана фондун контрасттуулугу, боекко каныктыруу жана узакка чыдашы), печатталуучу белгинин мүнөздөмөсү, гарнитура, печатталуучу боектун түсү, тилкелөөнү тандоо, бетте тексттердин жайгаштырылышы менен аныкталат.ЖОЖдун окуу китептери так, даана бирдей жана кара түстө интенсивдүү печатталышы керек.

Гигиенисттердин атайын изилдөөсү ыңгайлуу окууга көз каранды болгон окуу адабиятын жасалгалоо шрифттеринин параметринин катарын аныктоого жардам берди.

Россияда 2.4.7.960-00 “Балдар үчүн китептик жана журналдык басмага гигиеналык талаптар” СанПиН эрежелери жана саламаттыкты сактоо нормалары чыгарылган, ушундай СанПиН Кыргызстанда да бар. СанПиН эрежелерин окуу китептерин чыгаруу менен алектенгендер сөссүз сакташы керек.

**Адабияттар**

1. Ушинский, К.Д. Избранные педагогические сочинения [Текст] / К.Д. Ушинский. – М.: Учпедгиз, 1953. – 429 с.

2. Бабанский, Ю.К. Проблемы повышения эффективности педагогических исследований [Текст] / Ю.К. Бабанский. – М.: Педагогика, 1982. – 192 с.

3. Хинчин, А.Я. Педагогические статьи [Текст] / А.Я. Хинчин – М.: АПН РСФСР, 1963. - 113 с.

4. Кон, И.С. Психология юношеского возраста [Текст] / И.С. Кон. – М.: Просвещение, 1979. – 175.

5. Крупская, Н.К. Какой нам нужен учебник [Текст] / Н.К. Крупская // Под. соч. : в 6 т. – М.: Педагогик, 1979. – Т.4. – С. 233-236.